К. Ибраимов,
БГУ

“МАНАС” ЭПОСУНУН ИЗИЛДЕНИШИ
(жалпы мүнөздөмө)

“Манас”таануу илими салыштырмалуу алганда өзүнчө илим тармагы катары кийинчерээк пайда болгону менен ал жөнүндө маалымат алда канча эрте бергилүү болгон. Ошондон улам “Манасты” изилдөө тарыхын шарттуу түрдө эки мезгилге бөлсө болот: биринчиси - совет мезгилине чейин, экинчиси – совет мезгилинен азыркы учурга чейин. Биринчи мезгилди орто кылымдан баштаса болчудай. Анткени, 12-кылымдын башында жазылган араб тилиндеги эмгектердин биринде кыргыз башчыларында көңүл көтөрүү үчүн ыр ырдап, дастан айткан ырчылары, айтуучулары болорун маалымдаган. “Манас” эпосу байыртан оозеки айтылып келатканын эске алсак, балким алар “Манас” жомогун деле айтышса керек деп болжоого болот. Ал эми 16-кылымдын жазуу эстелиги катары бизге жеткен “Тарыхтар жыйнагынын” (“Маджму ат-таварих”) “Манас” эпосуна түздөн-түз тиешеси бар. Анткени Манас баатыр жөнүндө биринчи жолу баяндалып, Манаска байланыштуу берилген сюжеттик окуялар, каармандар менен жер-суу аттары эпостун азыр айтылып жүргөн варианттарына окшошуп кетет. Албетте бул маалыматтардын эпосту изилдөөгө тикелей тиешеси болбогону менен “Манасты” үйрөнүп-билүүнүн, маалымат алуунун алгачкы башаты катары тааныса болот.

“Манас” эпосу кыргыз элинде айтылып келаткан улуу чыгарма экендигин баамдап, аны дүйнө калкына, илим чөйрөсүнө тааныштыруу аракети 19-кылымдын экинчи жарымына туура келет. Бул ишке адеп чыйыр салып, жол баштаган казак элинин көрүнүктүү уулу Ч.Валиханов менен дүйнөлүк атагы бар түрколог, академик В.В.Радлов болгон. Чокан Валиханов (1835-1865) 1856-жылы орустардын аскер-илимий экспедициясы менен биринчи жолу Ысык-Көл өрөөнүнө келип, эки ай чамасы эл арасында болот. Ушул келишинде “Манас” эпосунун кеңири тараган окуяларынын бири “Көкөтөйдүн ашын” (“Көкетай ханның ертегиси”) жазып алган. Бул улуу эпостун кагаз бетине түшүрүлгөн биринчи үлгүсү, жазма түрүндөгү өмүрүнүн башталышы болчу. Муну Ч.Валиханов өзү орусчага которгон. Бул котормо менен 1902-жылы 21-мартта атактуу чыгыш таануучу Н.И.Веселовский тааныштырган. Ал эми тексттин кыргызча түп нускасы узак убакыттар бою илимде белгисиз болуп жүрүп, дээрлик бир кылым өткөндөн кийин, 1965-жылы академик А.Х.Маргулан тарабынан табылды жана факсимилеси менен “Чокан жане “Манас” аттуу эмгеги (1971) жарык көрдү. А.Маргуландын божомолуна караганда Ч.Валиханов кыргыз жерине келгенге чейин эле “Манас” эпосу жөнүндө көп угуп, кулагы каныгып калган. (3.10.). Эми кыргыздардын арасына келип, улуу эпосту өз кулагы менен угуп, жазып алып жана эпосту эл канчалык даражада кастарлап сүйө тургандыгын өз көзү менен көргөн соң: “Манас” бир мезгилге келтирилген жана бир кишинин – Манас баатырдын тегерегине топтолгон бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, санжыраларынын энциклопедиялык жыйнагы. Бул кандайдыр бир талаа “Илиадасы”. Кыргыздардын жашоо шарты, үрп-адаты, кулк-мүнөзү, географиялык, диний, медициналык түшүнүктөрү, алардын эл аралык байланышы бул өтө зор эпопеяда орун алган... “Манас” бирдиктүү мүнөздө болгондой көрүнгөн айрым көп окуялардан турат. Экинчи эпос “Семетей” “Манастын” уландысы болуп саналат, бул буруттардын “Одиссеясы” – деп эпоско өтө жогору баа берген. (2.30.). Бул “Манас” эпосу жөнүндө айтылган өтө терең, олуттуу ойлордун катарында турат, окумуштуу С.Мусаевдин сөзү менен айтканда “Манас” эпосуна берилген мүнөздөмөлөрдүн классикалык үлгүлөрүнүн бири. (1.504.). Чокан Валихановго чейин майор Г.Франел (1849) “Манас” эпосу болбосо да, Манас менен анын уулу Семетей жөнүндө эл оозунда айтылган маалыматтарды жазып калтырганын эскерте кеткен оң.

Ч.Валихановдон кийин эле, беш-алты жыл өткөн соң, “Манас” эпосуна кайрылган, ага карата илимий пикир айткан академик Василий Васильевич Радлов (1837–1918) болгон. Ал “Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү” деген көп томдуу эмгегинин бешинчи томуна жазган баш сөзүндө кыргыз элинин сөз өнөрүнө, ырга, куюлушкан чечен сөзгө өтө шыктуу экендигин, бул элде айрыкча баатырдык эпос мыкты өнүккөндүгүн, “чыныгы эпикалык доор” деп атаса боло тургандыгын баса белгилеген. В.В.Радлов “Манас” эпосунун сюжеттик мазмуну, көркөмдүк касиеттери, манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, угуучу чөйрөнүн таасири өңдүү бир катар маселелерди козгоп, адилеттүү ой-пикирлерди айткан, “Манасты” эпикалык поэзиянын классикалык үлгүсү катары жогору баалаган. Ал “Манас” айткан жомокчуларды байыркы гректердин аэддерине, ал эми өзүлөрү чыгарбай башкалардан үйрөнгөн ырчыларды рапсоддорго теңештирет. Алардын бири В.Радловго: “Мен кайсы гана ыр болбосун ырдай алам, анткени, кудайым мага ырдаганга шык берген, айтайын дегенимди оозума сала берет, мен аны издеп отурбаймын. Мен бир дагы ырды жаттап алган эмесмин, анын баары менден агылып чыгат” деген экен. (4.17). В.Радлов “Манастын каармандары фантастикалуу жомокко караганда, реалдуу турмушка жакын экендигин, жомокчулар эпосту угуучулардын таламына жараша аткарарын, өзгөртүп турарын баамдаган. Ошондой эле эпосту кыргыз элинин тарыхый жашоо турмушу менен тыгыз байланышта карап, тарыхый себептерден улам “... кара кыргыздар ушул убакка чейин аларга таандык болгон эр жүрөктүүлүк духун сактаган” (4.6.), “аларда элдик аң-сезим башка түрк урууларына караганда өтө өскөн. Өткөн кылымдарга узакка созулган согуштар, саясы жагынан бирдиктүү болбосо дагы (бир көчмөн калкта болушу да мүмкүн эмес), эң болбогондо алардын жалпы умтулушу жана идеалы жагынан аларды бекем бир бирдиктүүлүккө бириктирген” (4.6.) – дейт В.В.Радлов. Албетте, академик В.В.Радловдун: “Казак-кыргыздар-

да негизинен лирикалык поэзия өнүксө..., кара-кыргыздарда тескерисинче эпикалык поэзия гүлдөп өнүгүп, элдик чыгармалардын башка түрлөрүн дээрлик басып, лирикалык чыгармаларды эле жок кылбастан, кара сөз түрүндөгү бардык уламаларды, жөө жомоктор менен аңгемелерди бүтүндөй өзүнө сиңирип кеткен" (4.5.) – деген пикири реалдуулуктан алыс экендигин кийинки изилдөөчүлөр бир ооздон ырастап келет. В.В.Радлов өзүнүн масштабдуу, терең мазмундуу ой жүгүртүүлөрү менен "Манас" таануу илиминин түптөлүшүнө зор салым кошкон.

Совет мезгилине чейин «Манас» эпосу жөнүндө илимий пикир айткан окумуштуулардын дагы бири – Георг фон Алмаши (1867-1933). Венгр окумуштуусу Г. Алмаши Нарынкөл тарабында жашаган бугу элинен "Манастын" чакан үзүндүсүн (72 сап) жазып алып, аны "Манастын уулу Семетей менен коштошкону" деген ат менен 1911-жылы Будапеште бастырып чыгарган эле. Бир эле учурда немецче котормосу да берилген. Текстке түшүндүрмөлөр да бар. Ушул үзүндүгө карата жазган баш сөзүнө караганда Г.Алмаши "Манас" эпосу менен жакшы тааныш болгон. Анын болжолу боюнча "Манас" 20 миң, уландысы "Семетей" менен "Сейтек" ар бири 30 миң сап ырдан турат. Кайталоолор арбын. Окумуштуунун пикири боюнча "Манас" узак убакыттардан бери оозеки айтылып келаткан чыныгы баатырдык эпос, бирок исламдын таасири күчтүү, анахронизм, модернизм сыяктуу нерселер жыш, байыртан келаткан текстке 20-кылымга тиешелүү жаңы түшүнүктөр да аралашып кеткен. Бул эң сонун эпостун тарыхый маңызын түшүрүүдөн башка, эч бир көрк бербейт деп түшүнөт.

Ошентип, шарттуу алынган биринчи мезгилде "Манас" жомогу коомчулукка белгилүү болду, илим алкагына кирди. Аталган окумуштуулар "Манас" эпосун изилдөөнү атайылап максат кылбаганы менен ал ишти баштап койду жана мындай илимдин пайда болуп, андан ары өнүгүп кетишине жол ачты.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле көркөм маданий мураска карата мамиле түп тамырынан өзгөрдү, "Манас" эпосун изилдөөнүн жаңы доору башталды. Бул тарыхый чындык. Жыйырманчы жылдардын башынан тартып (1922) кыргыз фольклорун, ири алдыда «Манас» эпосун жазып алуу колго алынган эле. Бул коомдук, мамлекеттик мааниси бар маселеге айлангандыгын танууга болбойт. Совет мезгилинен берки «Манас» таануу илими үч этапты басып өттү: биринчи этап жыйырманчы жылдардын башынан тартып, элүүнчү жылдардын башына чейинки учурду камтыса. Экинчи этап элүүнчү жылдардын ортосунан баштап өлкө эгемендүүлүктү алганга чейинки аралыкты кучагына алат, андан берки эгемендүүлүк жылдары үчүнчү этапка таандык. «Манас» жөнүндөгү илимдин тарыхый өнүгүү жолун ушундайча мүнөздөсө болот.

Кыргыз окумуштууларынын алгачкыларынын бири тарыхчы-этнограф, адабиятчы жана акын Белек Солтоноевдин (1878-1938) узак жылдар бою (1895-1934) жазган «Кызыл кыргыз тарыхы» аттуу эмгегинде «Манас» эпосу жөнүндө чакан иликтөө бар. Бул кыргыз элинде, кыргыз тилинде жазылган биринчи эмгек десе болот. Автор жазма булактарга, көргөн-уккан маалыматтарына таянып, «Манас» эпосунун ар кыл маселелери («Манастын» илгертеден бери унутулбай оозеки айтылып келаткандыгы, көрүнүктүү манасчылар, Манастын ата-бабалары, ошол замандагы элдер, жер-суу аттары, «Манас» термини, Манастан калган белгилер, «Манастын» тарых менен байланышы, Манастын эли-жери, кыргызга тиешелүү экендиги, эпостогу негизги сюжеттик окуялар) тууралуу сөз козгоп, өзүнүн билим деңгээлине, мүмкүнчүлүгүнө жараша ой-пикирин ортого салат. Манас изилдөөчүлөр үчүн бул материялдын мааниси өтө зор.

Совет мезгилинде кыргыз фольклорун изилдөө иши «Манас» эпосунан башталды. 1922-жылы Ташкенттеги Күн чыгыш университетинин профессору П.А. Фалевдин «Кара кыргыз эпосу кандайча курулат» деген эмгеги «Илим жана агартуу» журналынын биринчи санына басылып чыгат. Бул Советтик түзүлүштүн учурунда эпосту атайын илимий-изилдөө ишинин башталышы болчу. Автор эпостун ыр түзүлүшүн талдоого алып, аны түрк элдеринин байыркы жазуу эстеликтерине салыштырып, мазмун жана форма жактан окшоштуктарды табууга аракеттенген. 1928-жылы казак элинин белгилүү жазуучусу, көрүнүктүү илимпоз, академик Мухтар Ауэзов «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбаковдон жазылып алынган варианты менен таанышып чыгып, Саякбай, Молдобасан өңдүү айрым манасчыларды өзү айттырып уккандан кийин, бул эпосту изилдөөгө белсене киришет жана өмүрүнүн акырына чейин «Манас» эпосунан кол үзгөн эмес. 1952-жылы өткөрүлгөн бүткүл Союздук илимий конференцияда (6-10-июнь) кыргыздын улуу мурасы «Манасты» элдик эпос катары далилдеп, «Манасты» сактап калууда М. Ауэзовдун салымы эбегейсиз зор. М. Ауэзовдун «Манас» эпосу жөнүндөгү алгачкы илимий макалалары 1935-жылдан жарыялана баштайт да, бул багыттагы көп жылдык изилдөө иштеринин натыйжасында «Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас» аттуу фундаменталдуу эмгек жаралып, автордун «Ар жылдар ойлору» (1959) деп аталган макалалар жыйнагында толук басылып чыккан. Анын изилдөөлөрүндө манасчылардын чыгармачылыгы, эпостун мазмуну менен формасы, негизги темалары менен сюжеттик окуялары, эпостун жаралуу мезгили, каармандардын образы, эпостогу поэтикалык ыкмалар, элдик вариантын жаратуу өңдүү «Манас» эпосуна тиешелүү олуттуу, негизги маселелер каралган. 1930-жылдардын орто ченинен тартып В. Винников, Ө. Жакишев, М. Кырбашев, Е. Мозольков, Ф. Ощакевичтин макалалары жарык көрүп, «Манас» эпосун ар тараптуу изилдеген илимий макалалардын саны жыл санап арбый берген.

Ал эми согуш жылдарында жана андан кийин. В. М. Жирмунский, А.Н. Бернштам, С.М.Абрамзон П.Н.Берков, К. Рахматуллин сыяктуу белгилүү окумуштуулар «Манас» изилдөөгө аралашып, изилдөө чөйрөсү кыйла кеңейген. Алар эпоско жалпы мүнөздөмө беришкен, эпостун жаралуу доору,- тарых менен байланышы, башка түрк элдеринин баатырдык эпостору менен болгон карым-катышы, этнографиялык жагы каралган, манасчылырдын өмүр баяны жана чыгармачылык өзгөчөлүгү изилденген, Сагымбай, Саякбайдын варианттарындагы бөтөнчөлүктөр аныкталган. «Улуу патриот окумуштуу «Манас» (К. Рахматуллин, 1943), «Манасты изилдөөгө киришүү» (В. М. Жирмунский, 1948) деген илимий эмгектер жарык көргөн. «Манас» эпосун изилдөөдө В. М. Жирмунскийдин эмгеги өзгөчө орунда турат. Ал аталган эмгегинде эпостун көптөгөн проблемаларына кайрылып, аны терең изилдеген, дүйнө элдеринин эпосторуна салыштыра келип, ага жогору баа берген жана эпостун мазмунунан үч тарыхый катмарды баамдап, жаралуу доору боюнча да баалуу пикирин айткан.

Ошентип «Манас» эпосун изилдөөнүн биринчи этабында, тагыраак айтканда 50- жылдардын башына чейин «Манас» таануу өзүнчө илим катары калыптанып, кыска аралыктын ичинде эле «Манас» изилдөөчүлөрдүн бүтүндөй бир тобу өсүп чыккан жана бул багытта келечектүү, зор ийгиликтер жарала баштаган. 1952- жылы өткөрүлгөн илимий конференцияга байланыштуу макалалар басма сөздө кеңири орун алды. Манас эпосунун элдүүлүгү жөнүндөгү маселеге көрүнүктүү окумуштуулар, айрыкча кыргыз интеллигенциясы активдүү катышты. Конференция «Манас » эпосун элдик эпос деп тапкандан кийин, аны ар тараптуу изилдөөгө кеңири жол ачылды. Мына ушундан тарта эпосту изилдөөнүн экинчи, маанилүү этабы башталды. 1957-жылы Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда «Манас» сектору уюшулуп, эпосту кеңири иликтөөгө ыңгайлуу шарттар түзүлдү. «Манас» эпосун изилдөөдө, бастырып чыгарууда академик Б. М. Юнусалиевдин эмгеги эбегейсиз зор.

60-жылдардын ичинде «Манас» эпосун илимий изилдөө проблемалары (С. Мусаев), жарыялоо маселелери (А. Петросян), эпостогу традициялуулук жана индивидуалдуулук (А.З. Кыдырбаева), идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү (М. Мамыров), эпосту жазып алуу изилдөө тарыхы (З. Мамытбеков), поэтикасы (С.Бегалиев) өндүү бир катар проблемалар каралды. «Манас» эпосун изилдөө боюнча орчундуу эмгектерди топтогон эки жыйнак басылып чыкты: 1961-жылы М. Ауэзов, В. М. Жирмунский, Б. М. Юнусалиев, М. И. Багданова, П.Н. Берков, А.Токомбаев, Т. Сыдыкбековдун илимий материалдарынан турган биринчи жыйнак «Кыргыздардын баатырдык эпосу - «Манас» деген ат менен, ал эми 1968-жылы В.В. Радлов, Ч. Валиханов, Г. Алмаши, П. Фалев, Е. Поливанов, К. Рахматуллин, А. Бернштам, П. Берков, С. Абрамзон, Б. Юнусалиевдин макалаларынан куралган экинчи жыйнак «Манас» - кыргыз элинин баатырдык эпосу» деген наамда басылып чыккан. Биринчи жыйнакта «Манаска» байланыштуу буга чейин жарык көргөн адабияттардын библиографиялык көрсөткүчү да берилген. Бул жыйнактар учурунда «Манас» таануу илиминдеги чоң саамалык болгон.

Кийинки учурларда (1970-1980-жылдары) окумуштуулар жалпы мүнөздөгү маселелерден эпостун олуттуу проблемаларын чече турган конкреттүү проблемаларга өтө баштаган. Бул багытта Б.М.Юнусалиев, Р.З. Кыдырбаева, С. Мусаев, Э. Абдылдаев, К. Кырбашев, М. Мамыров, Р. Сарыпбеков, А. Жайнакова, С. Бегалиев, О. Сооронов, А. Сыдыков өндүү окумуштуулардын кошкон салымы зор. Алсак, эпостун келип чыгышы жана тарыхый өнүгүшү (Р.З. Кыдырбаева, Э. Абдылдаев), манасчылардын айтуу чеберчилиги (Р.З. Кыдырбаева), эпикалык окуялардын сүрөттөлүшү (О.Сооронов), баатырдык мотивдер (А. Сыдыков), эпостун стили (К. Кырбашев), образ системасы (Р. Сарыпбеков), эпостун варианттары (Р.З. Кыдырбаева, К. Кырбашев, А. Жайнакова), «Семетей» жана «Сейтек» эпостору атайын изилдөөнүн объектисине айланды. «Манас» эпосун дүйнө элдерине кеңири тааныштыруу максатында С. Мусаевдин «Манас» эпосу аттуу илимий-популярдуу эмгеги бир нече тилде басылып чыкты. Бир катар монографиялык эмгектерде (Е.И. Мелетинский, С. М. Абрамзон ж.б) «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очеркинде» «Манас» эпосуна арналган атайын бөлүмдөр бар.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тартып эле «Манас» эпосун изилдөөнүн жаңы этабы башталды десе болот. Анткени, эпосту эч тартынбай, тайсалдабай изилдөө үчүн мурда болуп көрбөгөндөй шарттар түзүлгөн эле. Ал гана эмес БУУнун генералдык Ассамблеясы 1995-жылды «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүүнүн жылы деп чечим кабыл алып,ушул маарекеге байланышкан иш-чаралардын алкагында «Манас» таануу илими жаңы баскычка көтөрүлдү. Башкасын айтпаганда да, эпостун академиялык басылмалары менен бир нече варианттары, монографиялык эмгектер, илимий жыйнактар, жүздөгөн илимий макалалар жарык көрүп, эл аралык илимий конференциялар өткөрүлдү. «Манас» эпосунун кыргыз элинин өткөн тарыхы, үрп-адат, каада-салты менен болгон байланышын А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон өңдүү белгилүү окумуштуулар изилдеп келген эле. Кийинчерээк бул маселеге кыргыз тарыхчылары Ө. Караев менен И. Молдобаев да аралашып, мыкты эмгектерди жаратты.

Манасты башка тилдерге которуу ишин алгачкы ирет Е.Д. Поливанов баштап, бул иш андан ары С. Кылычков, Ф. Ощакевич, Э. Беккер, М. Тарловский,С. Липкин, Л. Пенковский тарабынан улантылган, көптөгөн үзүндүлөрү жарык көргөн. Ал эми 1946-жылы «Манас» киргизский эпос» («Великий поход») деген китептин орус тилинде жарыкка чыгышы кыргыз элинин маданий турмушунда чоң окуя болгон. Кийинчэрээк, 1960-жылдардан тарта «Манас» эпосу казак, өзбек, тажик, орус тилдеринде жарык көрдү. 1970-жылдардын аяк ченинен тарта англис (А.Т. Хотто), монгол (В. Энэбиш), венгр (Иштван Коңур Мандоки), уйгур (Сыдык Аблимат) тилдерине которулду.

«Манас» эпосу кагаз бетине түшкөн күндөн тарта дүйнө аалымдарын кызыктырып, эпикалык поэзиянын классикалык үлгүсү катары эле эмес, ар түркүн илим тармактары үчүн баа жеткис руханий казына булак катары да кызмат кылып келет. Азыркы күндө «Манасты» изилдөөнүн маани-маңызы артып, масштабы кеңейип, кыргыз элинин коомдук-маданий турмушунда «чоң сөзгө айланып» (С. Байгазиев) турган чагы. Айрыкча, кайыптар дүйнөсү менен байланышкан көп томдук китептин жарык көрүшү коомчулукта, илимпоздор арасында талаш-тартыш, кайчы пикирлерди жаратты. Бул маселени атайын тиешеси бар илим тармактары иликтеп жыйынтык чыгарууга тийиш.

Жыйытыктай айтканда, бир жарым кылым убакыттан бери «Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн бир нече мууну алмашып эпостун далай проблемалары изилденди. Кыргызстандын өзүндө эле эмес, мурдагы Союздук республикаларда, Кытай, Америка, Англия, Түркия, Франция, Германия, Венгрия сыяктуу алыскы чет өлкөлөрдө да «Манас» эпосун изилдеп жүргөн окумуштуулар бар. Бирок канткен менен да буга чейинки изилдөөлөрдө «Манас» эпосунун орчундуу проблемалары изилденип, такталып, жакшы ийгиликтер жаралганы менен али да болсо кеңири, терең изилдөөнү талап эткен божомолдуу маселелер арбын. Ал бүгүнкү күндүн, келечектин иши.

Адабияттар

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2-том. -Б., 2002.
2. Мамытбеков З. Октябрь революциясына чейин «Манас» эпосун жыйноонун жана изилдөөнүн тарыхы // Манас эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. –Ф., 1966.
3. Маргулан А. Ш. Шоқан жане «Манас». - Алматы, «Жазушы». 1971.
4. Радлов В. В. Образцы народной литературы северных тюркских племен . ч.V. –Санкпетербург, 1885.